
ETF
Working together
Learning for life

European Training Foundation

# SCAFFOLD

*«Окутуу мунара сыяктуу, сиз аны кадамдап курушуңуз керек»*



# SCAFFOLD КАРТОЧКАЛАРЫ

*“Жаңыча окутууну түзүү” (ЖОТ) демилгесинин алкагында Европа билим берүү фонду (ЕБФ),иш менен камсыздоо, социалдык маселелер жана инклюзия боюнча Башкы башкармалыгы (ЖСМИББ), компетенцияларды калыптандыруудагы жүргүзүлгөн жумуштун алкагында Европа комиссиясынын Биргелешкен изилдөө борбору (БИБ) менен бирдикте иштелип чыккан Scaffold карточкаларын пайдалануу боюнча кыскача колдонмо*

*Бул брошюрадан сиз окуу сабактарын уюштуруу үчүн, окутууну пландоодон - баалоого чейинки керектүү маалыматты таба аласыз.*
*Scaffold карточкалары педагогдорго окуучуларды окутуу  максаттарына жана муктаждыктарына ылайык окуу процессин уюштурууга чыгармачылык менен мамиле кылууга жардам берүүчү “кирпич” катары кызмат кылат.*

*Scaffoldду канааттануу менен окуңуз жана колдонууга даяр болуңуз!*

# Scaffold деген эмне?

Scaffold — бул санариптик, ишкердик, инсандык, социалдык компетенцияларды жана окуу жөндөмдүүлүгү компетенциясын, ошондой эле туруктуу өнүгүү компетенцияларын өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү окутуу сабактарын иштеп чыгуу боюнча формалдуу жана формалдуу эмес окутуу чөйрөсүндөгү окутуучулар үчүн карточкалардын топтому. Ал окутуучуларга бир нече негизги компетенцияларды бириктирген жана окуучулардын өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн окутуу сабактарын иштеп чыгууга жардам берет. Карточкалардын топтому инсандык, социалдык, окуу жөндөмдүүлүгү компетенциялары, санариптик, ишкердик жана туруктуу

өнүгүү компетенциялары боюнча компетенциялардын европалык алкактарынын негизинде түзүлгөн. Scaffold бардык рамкалар менен айкалышкан жети өтмө компетенцияларды камтыган, бардык компетенциялардын алкактары менен өз ара байланыштырат.

Scaffoldдун максаты — ЕБдин негизги компетенцияларын окуучулар үчүн маанилүү болгон окутуу сабактарын, көрсөтмөлөрдү жана баалоо системаларын иштеп чыгуу боюнча багыт берүүнүн жардамы менен түзүмдөштүрүлгөн ар бир компетенция боюнча зарыл болгон билимди бириктирүү аркылуу бардык деңгээлдеги окутуучулар үчүн жөнөкөй жана колдонууга ыңгайлуу кылуу.

Инсандык, социалдык компетенциялар жана “окууга жөндөмдүүлүк” компетенциясы

Ишкердик компетенциялары

Санариптик компетенциялар

Туруктуу өнүгүү компетенциялары

Scaffold — бул сабак башталганга чейин колдонула турган курал, ошондой эле сабактарды түзүү жана өткөрүү боюнча колдонмо. Ал ар кандай дисциплинага ылайыктуу жана билим берүү системасынын каалаган деңгээлинде же формалдуу эмес окутуунун ар кандай түрүндө колдонулушу мүмкүн. Ал педагогдорго пландаштырылган билим берүү ишинин так сүрөттөлүшүн түзүүгө жардам берет.

Карточкалар топтому болуу менен Scaffold портативдүү жана биргелешип иштөө үчүн ыңгайлуу. Ал чыгармачылыкка өбөлгө түзүү менен оңой өзгөрүлүүчү түзүмгө ээ жана колдонуучунун муктаждыктарына жараша масштабдалышы мүмкүн.

# Карточкалар топтомунун курамы

Scaffold — бул беш топко бөлүнгөн 102 картадан турган топтом.

Ар бир топ сизге, окутуучуга (окутуучуларга) китепканадан конкреттүү элементтерди тандоо аркылуу пландаштыруу процессинин ар кандай этаптары боюнча ыкманы жана этап-этабы менен окутуу сабагын иштеп чыгууга жардам берет.

Scaffold төмөнкү карточкалар тобунан турат:

**1. Тапшырмалары менен карточкалар** окуу чөйрөсүн аныктоого жана пландаштыруу процесси башталганга чейин бардык керектүү маалыматтарды чогултууга жардам берет: Окутуу канча убакытка созулат? Кимдер окутулат? Окутуунун максаты кандай? ж. б.

**2. Пландоо карточкалары** окутуу сабагын иштеп чыгуу үчүн колдонмо катары кызмат кылат. Бул карточкалар номерленген жана белгилүү бир тартипте жайгаштырылышы керек. Алар компетенцияларды тандоодон баштап сабактын схемасын түзүүгө чейин, ошол эле учурда тапшырманы дайыма эске алуу менен окутуу сабагын түзүү боюнча иш-аракеттер жөнүндө маалыматты камтыйт.

**3. Компетенциялар карточкасы** ЕБдин төрт алкагынын компетенцияларын билдирет (DigComp, LifeComp, EntreComp и GreenComp). Ар бир картада топтомдогу башка компетенцияларга кайчылаш шилтемелер жана тиешелүү өтмө компетенция менен визуалдык байланышы бар. Ошентип, керектүү компетенцияларды тандап, алардын ортосунда жаңы жана уникалдуу байланыштарды табууга болот. Өтмө компетенциялар карточкалары ЕБдин бардык төрт алкагынан өткөн компетенцияларды билдирет. Алар алкактагы компетенцияларда багыт алууга жана компетенцияларды шайкеш келтирүүгө жардам берет.

**4. Окутуу ыкмасынын карточкалары** билим берүү ишинде колдонула турган заманбап педагогикалык ыкмалардын жыйнагын билдирет. Алар ылайыктуу окутуу ыкмаларын тандоого багыт берет жана көмөктөшөт, ошондой эле бул ыкмаларды иш жүзүндө колдонуу боюнча практикалык көрсөтмөлөрдү камтыйт.

**5. Баалоо ыкмаларынын карточкалары** диагностикалык, калыптандыруучу же жыйынтыктоочу баалоо үчүн, тапшырманы аткаруунун башында, аткаруу учурунда же аткаргандан кийин колдонулушу мүмкүн болгон ар кандай баалоо ыкмаларынын топтомун билдирет.

## *Түзүм* карточкалары жана *китепкана* карточкалары

Карточкаларды кароо учурунда кээ бир карточкалар горизонталдуу, ал эми кээ бирлери вертикалдуу жайгашканын байкоого болот. Горизонталдык карточкалар сабакты пландаштыруу үчүн колдонулат: алгач **тапшырмалары менен карточкалар** сабактын жалпы көрүнүшүн аныктайт, андан кийин **пландоо карточкалары** сабакты пландаштырууга жардам берүүчү түзүмдү түзөт.

Вертикалдык карточкаларды китепкана катары кароого болот, анын ичинен өнүгүү үчүн компетенцияларды же

окуу ишинин алкагында колдонула турган окутуу жана баалоо ыкмалары тандалышы мүмкүн. Алардын баары колдонулбайт, бирок алар куралдар топтому катары берилген, аларды тандоого жана зарылчылыкка жараша пландоо максатында колдонууга болот.

Scaffold көп сандагы карточкаларды камтыйт жана башында ашыкча сезилиши мүмкүн. Колдонуучулар каалаганын тандай аларын эстен чыгарбоо керек. Алар топтомдорду өздөштүрүүдө жана ишенимдүү иштей баштаганда татаал жана ар түрдүү элементтерди кошууга болот. Scaffold иш процессинде окутууну жеңилдетүү үчүн иштелип чыккан, ошондуктан топтомду колдонууга жараша аны өздөштүрүү даражасы жогорулайт.

# Даярданыңыз!


Scaffold кыска сабактарды да, узак билим берүү сабактарын да иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Аны бир окутуучу жана  окутуучулар тобу да колдонсо болот.

Кесиптештериңизди чогултуңуз! Дубалды, столду же башка бош бетти табыңыз! Бир нече **чаптама, клей** же **скотч** менен **калем** алыңыз!

Ошентип сиз визуалдуу сабакты түзүүгө даярсыз!

# Сканерлеңиз жана төмөнкү иш-аракеттерди аткарыңыз!



Бул котормо Европа Биримдигинин "DARYA" долбоору тарабынан каржыланат.

Funded by
the European Union

CREATING NEW LEARNING

THE EU AGENCY SUPPORTING COUNTRIES TO DEVELOP THROUGH LEARNING

European Commission